**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТИЛЕКТЕШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

**23.07.2026.** **№ 22/2** Жаңы-Турмуш айылы

**Маданият мекемелеринин жана китепканалардын аткарып жаткан иштеринин абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-беренесинин 13-14-пункттарына, 34-беренесине ылайык, маданият жана китепкана кызматкерлеринин аткарган иштери жөнүндө айылдык кеңештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин **VIII** чакырылышынын кезектеги **XXII** сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү маданият кызматкерлеринин жана китепканачылардын элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү уюштуруу, жаштар менен иштөө боюнча иш-чарасын жүзөгө ашыруу боюнча аткарган иштери жөнүндө маалыматы эске алынсын жана алардын ишмердүүлүгү жалпысынан канааттандыраарлык деп табылсын.

**2.** Маданият мекемелеринин жана китепканалардын материалдык техникалык базасын чыңдоо, жылуулук, жарыктандыруу жана башка комуналдык шарттарды жакшыртуу, кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3.** Китепканаларды жаңы адабияттар жана окуу материалдары толуктоо, жаштарды китеп окууга жана маданий иш-чараларга кеңири тартуу боюнча иштер күчөтүлсүн.

**4.** Мамлекеттик, эл аралык жана башка гранттык программаларга катышуу аркылуу маданият тармагына инвестицияларды тартуу сунушталсын.

**5.** Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**6.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев.**